УДК 128:821.512.154
DOI: 10.36979/1694-500X-2024-24-10-27-34

## К. ЖУСУБАЛИЕВ И СМЫСЛ ЖИЗНИ

***К.З. Эшенкулова***

*Аннотация.* Жизнь – это способ существования каждого человека. Человек существует, потому что живёт, он живёт, потому что существует. Вот почему одним из естественных потребностей выступает поиск каждым человеком смысла жизни и своего места в жизни. С этой точки зрения тема жизни является одной из актуальных для писателя Кубатбека Жусубалиева, заставившего глубоко задуматься над проблемами бытия. Вопросы, связанные со смыслом жизни и личностью человека, являются основой литературного творчества писателя. В целом во всех его произведениях можно увидеть поиск писателем смысла самой жизни, места человека в ней, а главное – своего места в жизни через судьбы своих героев. По его мнению, жизнь – это простой “сорокаухий котёл”. Автор анализирует смысл жизни с философской точки зрения, основываясь на взглядах К. Жусубалиева на жизнь, на его мысли и творчество.

*Ключевые слова:* К. Жусубалиев; жизнь; смысл жизни; набросок жизни; «котёл с сорока ушками”; философский анализ.

## К. ЖУСУБАЛИЕВ ЖАНА ЖАШООНУН МАҢЫЗЫ

***К.З. Эшенкулова***

*Аннотация.* Жашоо – ар бир адам үчүн жандуулуктун, бар болуунун белгиси. Адам жашап жаткандыгы үчүн бар, бар болгондугу үчүн да жашайт. Ошондуктан да ар бир адамдын жашоосунун маңызын, жашоодогу ордун издөөсү табигый көрүнүштөрдүн бири. Ушул өңүттөн алып караганда, жашоо, турмуш темасы жазуучу Кубатбек Жусубалиевди да терең ойлондурган темалардан болуп саналат. Жашоонун маңызы, адамдын ким экендигине байланыштуу маселелер жазуучунун адабий чыгармаларынын чордонунда орун алган. Чыгармаларында жашоонун өзүн, жашоодогу адамдын ордун, эң башкысы да каармандары аркылуу жашоодогу өзүнүн ордун издеген жазуучуну көрүүгө болот. Анын көз карашында, жашоо – бул жөпжөнөкөй “кырк кулактуу казан”. Бул макалада К. Жусубалиевдин жашоого карата болгон көз карашы, ойлору жана анын чыгармаларынын негизинде жашоонун маңызы философиялык өңүттөн талдоого алынат.

*Түйүндүү сөздөр:* К. Жусубалиев; турмуш; жашоонун маңызы; жашоонун сүртүмдөрү; “кырк кулактуу казан”; философиялык талдоо.

## K. ZHUSUBALIEV AND THE MEANING OF LIFE

***K.Z. Eshenkulova***

*Abstract.* Life is a sign of vitality and existence for every human. A human exists because he lives, he lives because he exists. Therefore, it is one of the main phenomena that every humanbeing searches for the meaning of his life and his place in life. From this point of view, the life made the writer Kubatbek Jusubaliyev think deeply as one of the important issues. The problems related to the meaning of life and human identity are at the heart of the writer's literary works. In all of his works, one can see the writer searching for life itself, the place of man in life, and most importantly, his place in life through his characters. In his view, life is a simple like "forty-eared cauldron". In this article, the meaning of life is analyzed from a philosophical perspective based on Jusubaliev's views on life, thoughts and his works.

*Keywords:* K. Zhusubaliev; life; the meaning of life; life scetch; “the cauldron with the forty-ears”; philosophical analysis.

**Киришүү.** Кыргыз эл жазуучусу Кубатбек Жусубалиев кыргыз адабиятында адабият сынчылары, окурмандары арасында кызуу талаш тартыштарды жаратып келген жазуучулар арасында эсептелет. Кээ бирлери анын чыгармаларынын жана жазуу стилинин оригиналдуулугуна басым жасашып макташса, кээ бирлери болсо анын чыгармаларын түшүнүүнүн өтө оор же

түшүнүксүз экендигин сындап келишет. Жусубалиевдин чыгармачылык жолунун 1960-жылдары эрте башталганына карабастан, советтик саясий идеологияга туура келбейт деген сын менен кээ бир чыгармаларынын узак жылдар бою жарыяланбашы да кайчы пикирлерди туудурган себептерден болуп саналат.

Чындыгында Кубатбек Жусубалиевдин чыгармаларын кандай баалоого болот? Жусубалиев ар бир окурманга тааныш болгон күнүмдүк жашоодогу болуп жаткан окуяны кээде кыска-кыска сүйлөмдөр менен улам-улам бышыктап, кайталап сүрөттөп жаткандай туюлат. Кээде сансыз үтүрдү шашып аттап, чекитке жетпей, биринин артынан бирин кууган ойлору бүтпөчүдөй сезилет. Анын ойлорун, ыкмаларын кууп отуруп, кантип окуясына аралашып кеткениңди сезбей да каласың. Сөз тандабайт, тандаганга аракеттенбейт да.

Адатта жазуучулар сөз тандап көркөмдөгөнгө аракеттенишет эмеспи. Ал эми Жусубалиевдин эмгектеринде күнүмдүк жашоо кандай болсо, ошондой: дөөрүк, калпийган, калааты, тантык, куу тумшук... Бирок булар жөн гана сөздөр эмес, авторду өзгөчөлөндүрүп турган маңызга ээ. Нукура жашоонун сүртүмдөрү. Кээде күнүмдүк жашообузда эле кездешкен, карап, бирок байкабаган, карап, бирок көрбөгөн нерселер же сүрөттөөлөр. Кээде маанисиздей сезилсе да өз ичинде мааниге ээ күнүмдүк жашоодон алынган; "капысынан "лык" эте билинбей келип басып калган кышкы күүгүм", "мамыраган күн", "жарыбаган муздак дубал", "автопортретин тарткан күн", "аппак кепинин сүйрөгөн таң", "капкара жетим талаа", "шуулдаган дарак", "дүмпүйгөн кара бак", "картаң күздүн тамчылары", "сыйкырдуу түн", "ойку-кайкы караңгы шаты", "кайдыгер уйлар", "жалгыз жоор эшек", "сагалап, аңдып отурушкан чымчыктар", чычкандар, келемиштер [1; 2]. А чындыгында баары биригип жашоонун дал өзү. Нукура жашоо, жашоонун сүртүмдөрү. Эң негизгиси да жөнөкөй, таң атырып күн кечирген адаттагыдай болуп көрүнгөн күнүмдүк жашоо-турмуш.

Негизи эле чыгармаларында жашоонун өзүн, жашоодогу адамдын ордун, эң башкысы – да каармандары аркылуу жашоодогу өзүнүн ордун издеген сыяктуу жазуучу. Өзүнүн ким экендигин, эмне максат менен жашап жатканын, кайда барарын аңдап түшүнгөнгө аракеттенгендей. Чыгармачылык жолунда белгилүү бир деңгээлге көтөрүлгөндөн кийин баарын таштап өз айлына кайтуусу, өзү менен гана алек болуусу, чындыгында эле жазуучунун өзүн өзү таануу жана жашоодогу ордун билүү жолунда экендигин айгинелейт. Бул дүйнөгө келген ар бир адам жок дегенде өмүрүндө бир жолу болсо да эмне максат менен бул дүйнөдө жашап жатканын сурап, жооп тапканга аракеттенсе керек. Жашоонун маңызына, адамдын ким экендигине байланыштуу гениалдуу суроолор катардагы эл катары улуу жазуучуларды, ойчулдарды, акылмандарды, философторду да түйшөлтүүсү бекеринен эместей туюлат.

Жашоонун маңызына философиялык талдоо**.** Бул дүйнөгө келген ар бир адам кандайдыр бир үмүт, максат менен жашайт эмеспи. Ар бир адам жок дегенде өзүнө өзү: Эмне максат менен бул дүйнөгө келдим? Мен эмне үчүн жашап жатам? Кайда барам? – деген сыяктуу суроолорду коюп, жооп тапканга чабалайт. Эмне максат менен бул дүйнөгө келгенин түшүнгөнгө аракеттенет. Жашоонун маңызын тапканга күч жумшап, жашоодогу ордун издейт. Жашоо кээ бирлери үчүн белек, кут болсо, кээ бирлери үчүн – бир көз ирмем, кээ бирлери үчүн – бакыт, башкалары үчүн – күрөш, бир башкасы үчүн да "турмушуң – эшек араба, туулдуң – калдың балээге". Каалоо, үмүт, ишеним же максатка карата "жол алган жашоо". Бул жол узун, артка кайтууга мүмкүн болбогон жалгыз аяк жол. Ар бир адамдын суудай аккан көз ирмемдик өмүрүнө, жашоосуна сарасеп салбай коюунун өзү акылга сыйбастык болсо керек. Ошондуктан да ар бир адамдын жашоого карата болгон көз карашы ар кандай болгон сыяктуу эле байыртадан бери акылмандар, философтор да ар кандай пикирлерди айтып келишет.

"Талдоого алынбаган жашоо, жашаганга татыбайт" – деп Сократ айтмакчы [3, 78-б.], байыркы доордон бери эле акылмандар, философтор да жашаган жашоолоруна же жалпы эле жашоого, анын маңызына баа берип келишкен. Кээ бир философтор синоптук Диоген сыяктуу өздөрүнүн күнүмдүк жашаган жашоолору менен, кээ бирлери болсо, жашоого карата болгон көз караштары менен өзүнөн кийинкилерге үлгү боло алышкан. Мисалы, гедонизмдин

өкүлдөрүнөн Аристипп жашоонун маңызын кумардануудa, ырахаттанууда көрсө, тескерисинче, кинизмдин өкүлдөрүнөн Антисфен жашоонун максатын бактылуулукта көрөт жана "жөнөкөй жашоону", жөнөкөйлүүлүктү сунуштайт [4]. Ар кандай көз караштарды мисал келтирүү менен барактын санын көбөйтүү мүмкүн. Бирок негизги маселе, физика эмне? – дегенде физиканын эмне экендигин түшүндүргөн аныктама сыяктуу жашоонун так аныктамасынын болбошу, ар кайсы өңүттөн караган сайын жашоонун маңызына маңыздын кошулушу, түшүндүм, таптым деген сайын анын "татаалданышы" же эч нерсе менен иши жоктой, андан ары "уланышы, жол алышы". Кыскасы, катардагы бир адам үчүн жашоо кандай мааниге ээ болсо, философтор үчүн да ошондой эле мааниге ээ болушу. А балким, жашоо чындыгында эле, Конфуций айткандай, жөнөкөй, жөпжөнөкөй да, биз аны татаалдаштырып жатабыз [5]. Ошондуктан да жашоонун "аныктамасы" али күнчө жазылып бүтө элек, ал эми жашоонун "актёрлору" дале болсо өзүн өзү таанып бүтө элек...

Жашоо дарыяда аккан суу сыяктуу, дайыма агып турат, ал тынымсыз өзгөрүү абалында, дайыма динамикалык мүнөзгө ээ. Жашоонун маанисин, баалуулугун, максатын философиялык өңүттөн анализдеген натуралисттик көз караштын өкүлү Фридрих Ницше үчүн жашоо – динамикалык процесс. Бул процесс – бир жагынан күч-кубаттын өсүшү, өнүгүүсү, сергек өсүү. Башка жагынан алганда, кыйроо, алсыздануу жана начарлоо катары каралат. Ошондуктан, Ницшенин оюу боюнча, жашоо кандай жашасаң, ошондой жана болгонун болгондой эле ырастап кабыл алуу маанилүү [6; 7]. Идеалисттик көз караштын өкүлдөрү Вильгельм Дилтей менен Анри-Луи Бергсон үчүн руханий жашоо бардык нерседен жогору турган баалуулук. Дилтейдин көз карашында, жашоо – бул адамдын бардык иш-аракеттери, ой-пикирлери жана түйшүктөрү жана башынан өткөргөн окуясы. Түшүнүксүз болсо да, жашоо тажрыйбаларыбыздын негизин түзөт, мындан улам да толугу менен аңдап билүү мүмкүн эмес. Жашоону жан дүйнө менен туюп сезүү аркылуу гана түшүнүү же анын кандай экенин айтуу мүмкүн [7, 386-б.]. Ал эми Бергсондун айтымында, жашоонун маңызын узактыгы (мөөнөтү), чыгармачыл эмоция, жашоонун импульсу аныктайт. Жашоону акыл менен түшүнүү мүмкүн эмес. Жашоо кандай өзгөрүү абалында болсо, адамдын акылы, эстутуму да ошондой өзгөрмөлүү. Ошондуктан жашоону интуиция, тактап айтканда, ички туюп билүү аркылуу гана түшүнүүгө болот [8].

Жашоо – бул жалгыз аяк жол. Баштапкы этапта бүтпөчүдөй сезилген жалгыз аяк узун жол. Жалгыз аяк жолдо калган издер адамдын аны кандай басып өткөнү менен тыгыз байланышта; же ташка тамга баскандай салмактуу же кумду шилеп өткөндөй утурумдук. Же болбосо, бул дүйнөдө адамдын жашоосу жаңы башталганда, Джон Локк айткандай, табула раса – бирок ал бул терминди тааным маселеси (гносеология) үчүн колдонот – мындайча айтканда, таза тактай сыяктуу [9]. Адам бул таза тактайга эмнени жазып, калтырганына карата жашоо маңызга ээ болот; ар бир басып өткөн жолу, баскан-турганы, ичкен-жегени, кийим-кушамы, жол жолдошу, окуп-билгени, алган кесиби, кылган кызматы, кайгы-муңу, сүйүнүчү-кубанычы, бак-дөөлөтү, сүйүүсү, деги койчу өмүрүндөгү ар бир көз ирмеми. Ар бир адам жон териси менен сезип жашагандыгы үчүн да жашаган жашоосу өзүнчө купуя маңызга ээ. Мына ушундан улам жашоону түшүнүү же адамдарга карата жалпылоо мүмкүн эместей көрүнсө да, жашоо философиясы кандайдыр бир өлчөмдө бизге жол көрсөткөндөй сезилет. Чындыгында жашоо философиясы жашоонун эмнелигине байланыштуу болгон суроолорду же жоопторду жалпылап, адамдын жашоосун туура түшүнүүнүн маанилүүлүгүнө басым жасайт [10, 923-б.].

Жашоонун эң негизги критерийлеринин бири же максаты – бакытка жетүү, же адам басып өткөн жашоосунда өзүн бактылуу сезе алуусу, бакытты, бактылуулукту жан дүйнөсү менен терең сезип туюп билүүсү. Кандайча адам баласы бактылуулук тууралуу түрдүү көз караштарга ээ? Түрдүү бактылуулук түшүнүктөрүнө ээ болуунун эки негизги себеби жөнүндө айтууга болот: 1) Адам ким? – деген суроого берилген жооптун ар түрдүү болгондугу. 2) Адам ким? – деген суроого берилген жооп окшош болгондугуна карабастан, жооп берүүдөгү ыкманын түрдүү болгондугу [11, 3-б.]. Ушундан улам да бакыт түшүнүгү адамдардын кабылдоосуна жараша өзгөрмөлүү. Бири үчүн бакыт – бул

байлык же мансап, башкасы үчүн – ата-эне, бала-чака, тууган-туушкан, башкасы үчүн – ден соолук, бир башкасы үчүн – “жөн эле жашоо”, дагы бир башкасы үчүн – жан дүйнөнүн тынчтыгы... Синоптук Диоген [12] үчүн ошол доордогу шатыра-шатман жашоого же ашыры ысырапкорчулукка каршы пифостун (бочканын) ичинде жашай билүүнүн өзү улуу бакыт болуп эсептелсе, Фараби үчүн адамдын жашоодогу эң жогорку максаты бул – бакыт, ал эми бакыт – эң жогорку жакшылык болуп саналат [13].

Жашоо – бул океандагы кеме сыяктуу. Учу кыйры көрүнбөгөн океандын ортосунда адам кай жакты көздөй бара жатканын өзү да билбейт. Кандайдыр бир максат менен кемеге отургандай. Кеме кай жерге барып токтойт – ал да белгисиз. Кээде адам – кызык жаратык – ал турсун ушундай “белгисиздикке” да маани жүктөп, “мунун аты жашоо”, дейт. Өзүн кемени айдаган капитан сыяктуу сезет. Баарын билем деп ойлойт. Адам өзүн билем деп ойлойт. Анан турмуш сынагы, жашоо түйшүгү мындай пикирдин тайыз экенин, үстүрт экенин кашкайтып айгинелеп коёт [14, 127-б.].

Адам үчүн мындай караганда жашоо кандайдыр бир убакыттан, мөөнөттөн, мейкиндиктен көз каранды болгону менен жалпысынан эч нерсеге баш ийбегендей эркин жана чексиздей сезилет. Адам бар болсо да, жок болсо да жашоо эч нерсе болбогондой өз жолун уланта берчүдөй көрүнөт. Эмнегедир адам мейкиндикке жана убакытка баш ийбеген жашоонун борборунда өзүн көрүп келет. “Өмүрдү билбей туруп өлүмдү кантип билмек элең” [5, 328-б.], – деп, Конфуций айткандай, жашоо-турмуш өмүр менен өлүмдүн ортосунда бир туруп көпүрө милдетин аткаргандай, ошол эле учурда өмүр менен өлүмдүн ажырагыс эриш-аркак досундай туюлат. Ары жагынан бир карап, бери жагынан бир карап, биз аңдап түшүнгөнгө аракеттенген жашоону жазуучу Жусубалиев кандай түшүнөт? Ал үчүн жашоонун маңызы эмнеде?

Кубатбек Жусубалиевдин “Кырк кулактуу казан” философиясы**.** Жусубалиев “Улуу чыгармалар жаралчу доордо жашап жатабыз...” темасындагы Би-би-сиге берген интервьюсунда эскергендей, “туулганда эле аябай олуттуу окуялардын” күбөсү болуп бул дүйнөгө келиптир [15]. Бир күндүк болгондо согуштан ооруп келген атасынан ажырап, 3–4 айлык кезинде апасы башка эрге тийип кетип чоң энесинин колунда калып [1, 304–305-бб.]... Жашоого кадам таштаганда эле ата-эненин мээримин көрбөй Улуу Жаратkандын сынагына кабылгандай. Дагы жакшы, жок дегенде баласынын баласын өзүнө медер кылган чоң энеси бар экен. Өз баласынын күйүтүнөн, көзүнөн ажыраган, небересинин ата-энесиз өскөндүгүн ойлоп ичинен сыздаган чоң эненин баласынын жалгызын дем-күч, кубат тутуп “кем акыл балам”, “атам” деп айланып-үйрүлүшү. “Ата, сен чоңойгондо адамдардын сообун ал. Жаман кекиртекке жамак тап. Сени ошол үчүн окутуп жатканымды бил, ата [1, 270-б.]”, – деген үмүт менен жашоосун улантуусу жазуучунун жашоосунда терең из калтыргандай, чоң энесинин “көрбөгөн көзү” жана көкүрөгү аркылуу нагыз турмушту, жашоону таанып баштагандай сезилет. Балким, ошол үчүн да жазуучунун “Күн автопортретин тартып бүтө элек”, “Эне, үпүп сасык келди” сыяктуу чыгармалары автор менен чоң эненин нукура жашоо сүртүмдөрүнөн окурмандарына кабар бергендей. Чындыгында эле жазуучу энеси экөөнүн күнүмдүк айылдагы жашоосун бүтүндөй жан дүйнөсүнөн өткөрбөгөндө, айыл турмушун көкүрөгү менен туюп билбегенде, “менин көзүмчө таарынып ыйлабагылачы атаңарга...” деп атасына болгон кусалыгын, жалгыздыгын, ички сезимдерин жазбаганда, кыскасы, өзүнүн нагыз жашоо-турмушунан боёк кошпогондо мындай күчтүү чыгармалар жаралмак беле – ким билет... Өзү белгилегендей, “гөрөңдөгөн гөр турмушуна ылайдай жуурулуп, ийленип отуруп, анан келген ойлорун” [1] калемге алган сыяктуу.

Кыргыздарда жакшы макал бар эмеспи, “энелүү жетим – эрке жетим, аталуу жетим – арсыз жетим”. Чоң эне бар болгон байлыгын, туткан кармаганын, рух азыгын небересине арнаган го. Жазуучу да 8–10 жашка чейин чоң энеси менен бактылуу балалыкты жашаганын бекеринен айтпаган чыгар [15]. Турмуштун канчалаган сынагына туруштук берип, чоң эненин дале болсо “Сен бар, мен чоң бактылуумун” деп айтуусунун өзү эле чоң акылмандык, изгилик болсо керек. Жазуучу да “бороондуу буурул түндөй чачтары бар балпайган чоң эненин мээрин өлчөөгө акыл жетпеди. Өтө эле бийик... өтө эле бийик... мен ага жетпейм”, – дейт [1, 258-б.]. Ал эми чоң

энеси болсо, жашоосундагы өйдө-ылдыйды "улуу Кудайым сүйгөн пендесине мээнет берет", – деп түшүнөт [1, 270-б.]. Небере чоң энеге, чоң эне да Жаратканга жеткенге ашыгат. Бул ашыгуу мээримге, бакытка, акыйкатка жетүү жана аларды туюп билүү, таануу. Ал эми алардын ортосундагы мээрим, жазуучу айткандай, "өтө эле бийик...". Жазуучу ошол бийиктикке жетүүнү жашоосунда алдына койгон негизги максат катары карагандай туюлат.

Жусубалиев үчүн жашоо – куулук, шумдуктануу, алдоо, айланкөчөк атуу эмес, турмуш кандай болсо, ошондой кабыл алыш деген эле сөз. Жөнөкөй эле... Эгер адам турмушту болгон турушунда кабыл алууга жетишсе, анда чоң ишке аттанганы. Бул өзү чоң жолго түшкөн кишинин иши... Бир акылман түрмөгө түшүп калыптыр, ошол айтат. "Түрмөдө өзүнүн тазалыгы, адамдык касиети менен менден жүз эсе өйдө турган кишилерди көрүп айраң калдым", – дейт. А алардын баары кылмышкер, киши өлтүргүчтөр. Бул – турмушту кандай болсо, ошондой кабыл ал деген сөз да. Ошондо гана эң жаман нерседен эң жакшы нерсени көрөсүң. Анан бирөө жакшы, бирөө жаман деп отурсаң эмнени көрөсүң... – дейт жазуучу. Анын оюу боюнча, биз бүгүн, эртең, бүрсүгүнү деп баарын бөлүп-бөлүп жашаганыбыз үчүн капканга чырмалып калгандайбыз. Жашоо да бизге татаалдай сезилет. А чынында өтмүш азыркы учур, келечек – бүгүнкүдө. Өткөн да, келечек да жуурулушкан. Бүгүнкүнү сезип билгенде гана бүт баарын көрүү мүмкүн. Мунун өзү турмуш, жашоо. А жашоо жөнөкөй эле [1].

Жазуучу жашоо-турмуштун жөнөкөй экендигин дагы бир ирет окурмандарына төмөндөгүчө түшүндүрөт: "Турмуш деген баш үйүртмө, баш айлантма татаал философия, идеология эмес. Жөнөкөй эле. Адамдардын эришаркагы. Мисалы, акча дейли. Акча берип – арпа аласың, арпа берип – акча аласың. Сенин да курсагың ток, анын да курсагы ток. Сага рахмат. Ага рахмат. Демек, акчанын аты Рахмат Аке. Турмуштун аты – Рахмат Аке. Биз Рахмат Акени унуттук. Адамды унуттук" [1, 10-б.]. Мындай караганда, билинбегени менен, баамга шак урунбаганы менен жазуучунун текстери терең философияга канык, символ-шифрлерге, каймана мааниге бай [16]. Жусубалиев мында жашоо жана адам маселесин көтөрүп чыгуу менен бирге терең философиялык ойду көркөмдөштүрүп бергенге аракеттенгенин көрүүгө болот.

Жөнөкөй жашоонун даамын татуу – бул кубаныч, бакыт. Өмүргө келүү, төрөлүү – бул бакыт. Өзүңө өзүң жолугуу, жол издөө да бакыт [17]. Жазуучу адамдын өзүн өзү таанусун, өзүнө өзү жолугуусун, бакытка, кубанычка жетүүсүн чыгармаларындагы каармандарынын адаттагыдай күндөлүк жашоо-турмушу аркылуу чагылдырганга аракеттенет. Анын пикиринде, адам өзүнөн өзү кубанычты сузуп алат, күндөлүк турмушунан, баскан-турганынан, айды, чымчыкты, асманды карап койгонунан, бардыгы адамга гармониялуу кубанычты алып келет. Жумуш кылсаң – жаның жыргайт. Сүйлөшсөң дагы. Балаң – эң чоң кубаныч. Адамдын турмушунун өзү – эң зор кубаныч. Ушундан кийин сыягы улуу сулуулукту туясың. Ошондой жерден өзүңдөн өйдө турган нерселерди түшүнөсүң. Эмне үчүн дүйнөгө келгениңди түшүнөсүң. Мындай адамды эч нерсе мүңкүрөтпөйт [1]. Жогорудан да көрүнүп тургандай, жазуучунун "адамдын жашоосун эң зор кубаныч" катары кабыл алуусунун өзү, азыркы учурдагы адам баласынын жашоого карата болгон мамилеси менен салыштырганда, маңызында улуу, терең ойду камтыйт. Ошондуктан да тайманбастан Конфуций сыяктуу жашоонун жөнөкөйлүгүн туу тутуп, адамды да "жөнөкөй эле" болгонго чакырат. Ал эми жөнөкөй болуш, анын оюу боюнча, эң машакаттуу нерсе, өтө кыйын [1, 129-б.].

"Жөнөкөй эле адам болуу" Диогендин күндүзү колуна чырак алып адам издегени сыяктуу, адам баласы үчүн эң оор, эң жоопкерчиликтүү милдеттердин бири. Чыңгыз Айтматов "адам – адам болгондон бери эмне үчүн жашайт, өмүрүн эмнеге арнайт жана канткенде адам уулу адам болот?" [18] деген сыяктуу терең мазмундуу философиялык суроолорду кабыргасынан коюп, ар бир адамдын түпкү өз "менине" кайрылуусуна чакырат. Ошондой эле адам болумунун эң маанилүү маселелеринен бири болуп саналган "жашоонун мааниси эмнеде" деген философиялык суроого Айтматов [19]: "Ар түрдүү доорлордо ар түрдүү адамдар бул суроого ар түрдүүчө жооп бергенге аракеттенген. Мүмкүн, алгачкы жомок, миф, анан бүткүл профессионалдык адабият, бүткүл искусство мына

ушул аракеттен улам жаралгандыр, анткени чын-чынына келгенде булардын бардыгы адамдын дүйнө таануу, өзүн өзү өздөштүрүү жолундагы түбөлүктүү аракети болуп эсептелет", – деп жооп берет [20]. Ал эми, Жусубалиевдин пикиринде, "адам болуу үчүн" адам чоң селдерден, турмуштук жагдайлардан туруктуулук менен чыгууга өмүр бою аракеттенүүсү керек. Ошондо жаны тазарат, сөөгү да тазарат, бир нерсени түшүнөт [1]. Ошондо гана адам өзүнүн "бар болуу абалынын" негизинде болумун, жашоодогу максатын аңдап түшүнө баштайт. Жусубалиевдин көз караштарынан адамдын тынымсыз "адам болуу, бар болуу" абалында болуусун, тактап айтканда, экзистенциализмдин элементтерин көрүүгө болот. Өзүнүн сөзү менен айтканда, Кудайдын эргүүсү менен жазылган "Муздак дубалдар" чыгармасындагы Арыковдун ("Аккан арыктын баласы") образы буга мисал боло алат. Жазуучу батыш адабиятында "аң-сезим сели" деп аталган "өзүн өзү талдоо, тескөө, анализдөө" ыкмасын терең чеберчилик менен колдонгон. Туңгуюктуу жана катмардуу түшүнүктөрдү камтыган Арыков аркылуу бир тараптан өзүн өзү тескеген, жашоодогу ордун издеген адамдын экзистенс абалын, бар болушун чагылдырганга аракеттенсе, экинчи тараптан өзүнөн, баарынан жатыркаган, ал турсун өлүмгө деле көңүл кош мамиле жасаган адамдын образын бергенин баамдоого болот. Ошол эле учурда аң-сезим менен көмүскө/түпкү аң-сезим ортосунда ыргалган адамдын жан дүйнөсүнүн жана ой-жүгүртүүсүнүн абалын чагылдырганга аракеттенгенин көрүүгө болот:

"Эртең болсо эртең, эмне кылайын", – деди. Анан өзү менен өзү эмне болуп жатканын оңду түшүнө албай, ичи көйкап болуп, бүт даари менен ачык терезе аркылуу угулуп жаткан тыштагы жалгыз саратандын чырылдаган үнүн тыңшай баштады. Бул кичинекей жанибардын үнү дайыма жетер жерине жеткирип, Арыковду чыныгы азапка сала турган. Анын үнүндөгү ааламды сел алып кетсе, ашыгына келбеген Жайчылык, Кайдигерлик, түбөлүктүү Азап, Муң, кайрадан дагы эле түбөлүктүү Жайчылык бечара Арыковду үркүтүп үрөйүн учурат. Муштумдай бала кезинде эле тамдарынын артындагы ээн өрдөштөгү, чоң энеси айткандай, "миң-миллиан" үндөрүн укканда, бул Азап-муңдун, Кайдигерликтин, Жайчылыктын улуу Гимнин укканда өзүнө жай таба албай үйгө качып кирчү, же буга чыдай албай көзүнүн жашын көл кылып шолоктоп ыйлачу [2, 185-б.].

Экзистенциалист философтордун көз карашында, адамдын бар болуусу анын маңызынан мурда турат жана адам дайыма болуу абалында. Ал эми маңыз адамдын өзүн өзү аныктоосу болуп саналат. Сёрен Кьеркегордун көз карашында, жашоого маңыз берүү, олуттуу жашоо жоопкерчилиги да жеке адамдын мойнунда. Ал эми адам болуунун эң негизги критерияларынын бири – жашоодогу өзүнүн жоопкерчилигин билүүсү [21]. Тилекке каршы, жоопкерчилик критериясы ошол эле адам баласы тарабынан эмнегедир дайыма көз жаздымда калып же ага кайдыгер мамиле жасалып келет.

Жусубалиев бир караганда бүтүн өмүрүн өзүнүн жашоодогу адамдык жоопкерчилигин, милдетин аткарганга, чындыкка, акыйкатка жетүүгө арнаган сыяктуу. Ошондуктан чыгармалары саясий же идеологиялык кандайдыр бир мүдөө менен жазылган эмес. Тескерисинче, күнүмдүк жашоо-турмуштагы окуяларды, өзү билген чындыкты сүрөттөө аракетинде. Жамгырбек Бөкөшов белгилеп кеткендей, жазуучу "такай чындыкты кантип сүрөттөп берем, көргөн-билгенимди кантип сыпаттап жазам деген маселе менен алпурушат. Башкача айтканда, таза, тунук проза жаратыш менен алек" [22, 380-б.]. Жазуучу "адабият сөзсүз реалдуу окуяларды баяндайт, чындыкты чагылтат, жалпылайт, коомдун өсүшүнө түрткү болот. Кыйынчылыкты, кордукту, теңсиздикти, жакырчылыкты бай юмор, жан ачыштыруучу сарказм менен берсе дурус болот", – деп ойлойт [2, 135–136-бб.]. Ошол сыяктуу дээрлик каармандарынын баары чыныгы жашоодон алынган: бала, чоң эне, Раман, Арыков, улакчы Эргеш, Ыбыш, Жижи, секелек кыз жана башкалар. Автор чыгармаларындагы каармандарына өзүнүн ички туюмдарын, сезимдерин, психикасын, дүйнө көрүмүн, жашоого болгон көз карашын чаптаган сыяктуу. Болбосо окурмандарын ойлондурган чыгармалар жана оригиналдуу образдар кайдан жаралмак эле. Өзү айткандай, чымчыктай, гүлдөй, дарактай эркин ойлонуунун жемиши, жөн эле эркин болуунун натыйжасы.

Жашоодон өз ордун издеген, коомдон жакындарын, пикирдештерин издеген, коомдон

жатыркаган каармандар. Жазуучу бир туруп Фуко сыяктуу дүйнөнү жабык, туңгуюк, адамдарын да жинди көрсө, бир туруп Сартрдын Антуан Рокантейни сыяктуу жашоодо коом арасында эч кандай мааниге ээ болбогон, болгону жөнөкөй гана индивиддерден турган дүйнө же өзүнүн болумунан, маңызынан жатыркаган адамдын топтомундай элестет. Бир караганда, бул каармандар өзүн издеген автордун дал өзү, жашаган айылы, шаары, чайыттай ачылган же кубарып түнөргөн же жашоого таарынган күнү, түбү түшкөн жамгыры, бирге өсүп бирге чоңойгон айылдаштары. Бүтүндөй жашоо-турмушу, өмүр жолу, мындайча айтканда, жазуучунун “Кырк Кулактуу Казаны”. Бекеринен да “турмушту билсең, өмүрдү билесиң. Өмүрдү билсең, өлүмдү билесиң. Өлүмдү билсең, өлбөстү билесиң-ов! – дебейт Жусубалиев [1, 19-б.]. «Адамга жашоо бир гана келет… Бул түбөлүктүү философияны адамдардын бардыгы түшүнүшсө да, сен кыйкырбай эле кой, муну сенден жакшы билебиз дешсе да, дайыма бул жөнүндө ойлоп жүрүшсө жакшы болор эле”, – дейт [2, 243-б.].

Адам эмне үчүн жаралган, ал каяктан келген? Каякка баратат? Бул эмне менен бүтөт? Адам Кудайды кантип тааныйт? Акыйкатты кантип билет? – сыяктуу суроолорго жооп табуу үчүн руханий тереңдикке кадамды “жардылыктан” баштоосу Жусубалиевдин жашоого болгон көз карашынын маңызын ачып бергендей. Бул жардылык өзүн өзү таанууга болгон жардылык. Өзүн өзү таанууга болгон аракет. Бир караганда, анын бул аракети “Гимн” [1] аңгемесиндеги Сизиф сыяктуу төбөгө таш кулатып жеткире албай убара болгон балдардыкындай эле убаракерчилик, түйшүк. Бул түйшүктү жазуучу төмөндөгүдөй түшүндүрөт:

“Эң эле улуу нерсе – адамдын өзүн өзү таануусу... Бу бир чети табигый нерсе. Адам төрт–беш жашка жеткенде ойлоно баштайт. Бул өтө трагичный... Адамды ошондон баштап ой басат. Кийин үй-бүлө курат. Адам ошону менен татаал нерсеге айланып, ошол сазда көмүлүп калып кетет. “Көзү ачык кетти” деп коёт кыргыз муну. Бул ошо, эч нерсе билбей жүрүп, өлүп кетти деген маани... Өзүн өзү таануу, билүү – Кудайды билгендик да. Акыйкатты тааныган кишинин оозунан “андай бол, мындай бол, муну оку, тигини оку” деген болбойт. “Өз короондон чыкпай туруп деле дүйнөнү таанысаң болот” деген ошондон калган кеп экен да... Дүйнөнү тааный турган касиет адамдын өзүндө. Ал касиет өзүбүздө бар экен, ар ким ошону ачышы керек. Адам өзүн ачканда, ал совершенный (жеткилең адам. – Э.К.З.) экен [23]. Өзүн өзү тааныган жанды адам дешибиз керек. Адам өзүн таанууга аракет кылышы керек. Бул күнү да, түнү да бүтпөй улана берген иш экен. Тынымы жок изденүү бул. Адам өзүн өзү таанығанда, барып Кудайды билет экен. Ошондо барып адамдын эмне үчүн жаралганын, кайдан келгенин, кайда барарын, азыркы абалы эмне менен бүтөрүн аңдайт. Негизги максат ушунда. Бул максат жеке эле меники эмес экен, бул бүтүндөй адамзатка тиешелүү генийлердин, даанышмандардын улуу адамдардын максаты болуптур илгертен эле, карасаң… [24].

Жусубалиев ушул ой берметтери аркылуу байыркы доордон бери “ураан салган” философтор сыяктуу чыгармалары жана жашоо тарзы аркылуу XXI кылымдын адамзатына “өзүңдү таany” – деп чакырык салып, жазуучу мындай ойлобосо да, жаткандай туюлат. Кудум эле Сократ айткан өзүн өзү таанып билүүчүлүк. Арийне, жалгыз гана Кыргыз жергесинде эмес, жалпы адамзаттын руханий баалуулуктун, адамдык сапаттын ордуна утурумдук жашоо жыргалына же жеке кызыкчылыгы үчүн материалдык баалуулукка маани бериши, жашоого болгон мамилесинин өзгөрүшү, жашоосунун руханий жана аң-сезимдик кризиске кептелиши, өзүн өзү таанууну жана адам болуу жоопкерчилигин унутуунун натыйжасы экендигин айгинелеп тургандай сезилет.

**Жыйынтык.** Кубатбек Жусубалиев өмүр бою өзүн таанып билүүгө аракеттенген адам болуу аракетинде, мындайча айтканда, экзистенс абалында. Кьеркегор “эң көп жашаган адам – көп жыл жашаган адам эмес, жашоонун маңызын эң көп түшүнгөн адам” деп айтат эмеспи. Тилекке каршы, техногендик доордун адамдары керектөөгө, ээ болууга гана шарттанып жашап жашоонун маңызын “утурумдук керектөөдө” көрүп жаткан учурда, мындай коомдук абалдан, көрүнүштөн өзүн оолак тутуп, бүтүн өмүрүн өзүн таанууга, жашоонун маңызын аңдап билүүгө аракеттенген адамдар чанда гана болсо керек. Жеңил, оңой жашоодон, көр дүйнөдөн качып, кыйынчылыкты

карай бет алуусу, жазуучуну мына ушул бир ууч топтун арасына кошуп тургандай. Балким, Жусубалиевди “Жусубалиев” кылган өзгөчөлүктүн тамыры мына ушундадыр. Балким, да “Тайна, Тайна, Сад”... Ким билет, а балким, жазуучу өзүн да, чындыкты да, Далай Лама айткандай, жашоодо берилген нерселерди жөн гана кабыл алып жогорку күчтүн акыйкатына, таразасына ишенип жашоодо тапты...

Поступила: 12.04.24; рецензирована: 26.04.24; принята: 29.04.24.

***Адабияттар***


1. *Жусубалиев К.* Жети сөз жана Конфуций / К. Жусубалиев. Бишкек: Учкун, 2003. 434–453-бб.
2. *Жусубалиев К.* Муздак дубалдар / К. Жусубалиев. Бишкек: Беш Көпүрөк, Улуу Тоолор, 2022.
3. *Cevizci A.* Felsefe Tarihi / A. Cevizci. İstanbul: Say Yayınları, 2017.
4. *Gökberk M.* Felsefe Tarihi / M. Gökberk. İstanbul: Remzi Kitabevi, 2019.
5. *Гране М.* Китайская мысль от Конфуция до Лао-Цзы / М. Гране. М.: Алгоритм, 2008.
6. *Ницше Ф.* Афоризмы / Ф. Ницше. СПб.: Азбука, 2010.
7. *Skirbekk G.* & Gilje N. Antik Yunan’dan Modern Döneme Felsefe Tarihi / G. Skirbekk & N. Gilje. Ankara: Kesit Yayınları, 2011.
8. *Бергсон А.* Избранное: Сознание и жизнь / А. Бергсон. СПб., 2016.
9. *Locke J.* İnsanın Anlama Yetisi Üzerine Deneme / J. Locke. çev. M. Delikara-Topçu Ankara: Öteki Matbaası, 2000.
10. *Cevizci A.* Felsefe Sözlüğü / A. Cevizci. İstanbul: Paradigma Yayınları, 2013.
11. *Бабатаев А.* Фарабинин философиялык системасында негизги баалуулук катары бактылуулук маселеси / А. Бабатаев, Ю. Гөкалп // MANAS Din Bilimleri Araştırmaları Dergisi (MDBD). 2022. № (01):1.
12. *Kılıç C.* Felsefe Diyarından Hkmet Yurduna Bilgelik Hikayeleri / C. Kılıç. İstanbul: İnsan Yayınları, 2010.
13. *Farabi.* Mutluluğun Kazanılması / Farabi. çev. A. Arslan. İstanbul: Türkiye İş Bankası Kültür Yayınları, 2018.
14. *Бөкөшов Ж.* Окуя өтөт, ой калат / Ж. Бөкөшов. Бишкек: Бийиктик, 2013.
15. *Жусубалиев К.* Улуу чыгармалар жаралчу доордо жашап жатабыз... BBC Kyrgyz, 2019 / К. Жусубалиев. URL: https://www.youtube.com/watch?v=XM90WAhb9QM (кирүү убактысы: 10.11.2022).
16. *Бөкөшов Ж.* Кыргыз прозасынын Эр Төштүгү // К. Жусубалиев. Муздак дубалдар / Ж. Бөкөшов. Бишкек: Беш Көпүрөк, Улуу Тоолор, 2022. 3–7-бб.
17. *Кубатбек Жусубалиев.* “Баарын таштап, үйүңөн качып кетсең өзүңдү жеңесиң...” URL: https://aryba.kg/koom/5724-kubatbek-zhusubaliev-baaryn-tashtap-jn-kachyp-ketsezd-zheesi. html (кирүү убактысы: 6.11.2022).
18. *Айтматов Ч.Т.* Фудзиямада кадыр түн. Т. 7. Чыгармаларынын 10 томдук толук жыйнагы / Ч.Т. Айтматов. Бишкек: Улуу Тоолор, 2018. 5–72-бб.
19. *Айтматов Ч.Т.* Адам жана китеп. Т. 8. Чыгармаларынын 10 томдук толук жыйнагы / Ч.Т. Айтматов. Бишкек: Улуу Тоолор, 2018. 162–167-бб.
20. *Эшенкулова К.З.* Ч. Айтматов: даанышман, “айыл академиясы” жана руханий кризис маселелери / К.З. Эшенкулова // “Чыңгыз Айтматов жана Түрк цивилизациясынын ренессансы” эл аралык конгресстин материалдары. Бишкек, 2013. 279–283-бб.
21. *Кьеркегор С.* Или-или / С. Кьеркегор. М.: Изд-во АСТ, 2023.
22. *Бөкөшов Ж.* Кыргыз философиясы / Ж. Бөкөшов. Бишкек: Бийиктик, 2013.
23. *Жусубалиев К.* (2021). Мен добровольный нищиймин / К. Жусубалиев. URL: http://ruhesh.kg/ky/category/ show /news/2375/kubatbek-zhusubaliev-men-dobrovolyniy-nishtiymin (кирүү убактысы: 06.11.2022).
24. *Жусубалиев К.* (2014). Тойдум ушул цивилизацияңа / К. Жусубалиев. URL: http://ruhesh.kg/ky/dasmiya/1034-zhusubaliev-kubat/kubatbek-zhusubaliev-toydum-ushul-tsivilizatsiyana-deyt (кирүү убактысы: 10.11.2022).